**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**С.НААМАТОВ АТЫНДАГЫ НАРЫН МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ЧЕТ ТИЛДЕРИ жана КОМПЬЮТЕРДИК СИСТЕМАЛАРДЫ ПРОГРАММАЛОО КОЛЛЕДЖИ**

---

| **МАКУЛДАШЫЛДЫ** | **БЕКИТЕМИН** |
|---|---|
| Колледждин окуу иштери боюнча директордун орун басары | Чет тилдери жана компьютердик системаларды программалоо колледжинин директору |
| Чоробек кызы А. | Осмонова Б. |
| ________________ | ____________ |
| 2024-ж. « 4 » 09 | 2024-ж. « ___ » 09 |

**"КЫРГЫЗ ТИЛИНИН ПРАКТИКАЛЫК КУРСУ" дисциплинасы БОЮНЧА**

**ЖУМУШЧУ ПРОГРАММАСЫ**

Адистиги: ***230111 Компьютердик системаларды программалоо***

***050303 «Чет тили»***

***100105 «Мейманканаларда жана туристтик комплекстерде тейлөөнү уюштуруу»***

Квалификациясы:

***Техник-программист***

***Чет тилдери мугалими***

***Менеджер***

Окутуу формасы: ***күндүзгү***

Нарын -2024

Дисциплиналардын жумушчу программасы Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү уюмдарынын жана баштапкы жана орто кесиптик билим берүү уюмдары үчүн түзүлгөн программага ылайык түзүлдү.

**Программаны иштеп чыккан:** Үсеналиева Г.

**Колледждин жыйынында каралып жактырылды.**

Протокол №1 "04" 09 2024-жыл.

Окуу методикалык кеңешинин жыйынында каралып жактырылды

Протокол № 1 "04" 09 2024-ж.

Методикалык кеңештин төрайымы __________ Чоробек кызы А.

Жалпы билим берүү циклынын жыйынында каралып жактырылды

Протокол № 1 "2" 09 2024-ж.

Жалпы билим берүүчү циклдин жетекчиси __________ Турдубек кызы Мунара

## МАЗМУНУ

1. Аннотация
2. Дисциплинаны өздөштүрүүнүн максаты жана милдеттери
3. Дисциплинаны окуп-үйрөнүүгө чейин студенттерде калыптандырылган компетенциялар
4. Дисциплинаны окутуунун билим берүү программасын өздөштүрүүнүн натыйжалары менен катнаштырылган мерчемделген натыйжалары
5. Окуу дисциплинасынын түзүмү
5.1. Окуу дисциплинасынын бөлүмдөрүнүн мазмуну
6. Билим берүү технологиялары
6.1. Аудиториялык сабактарда колдонулуучу интерактивдүү билим берүү технологиялары
7. Жетишүүнү күндөлүк текшерүүнүн, арадагы аттестациянын жана окуу дисциплинасында ишке ашырылуучу компетенцияларды баалоочу каражаттар
8. Окуу дисциплинасы боюнча текшерүүчү-баалоочу ишмердүүлүктү уюштуруу
9. Студенттин дисциплина боюнча модулдагы, баа коюлуучу зачёттогу (экзамендеги) жоопторун баалоо
10. Калтырылган сабактарды кайра тапшыруунун түрлөрү жана формалары
10. Дисциплинанын окуу-усулдук жана маалыматтык камсыздоосу
11. Окуу дисциплинасынын материалдык-техникалык камсыздоосу
12. Окуу-усулдук камсыздоонун тизмеси

## 1-бөлүм. Аннотация

"Кыргыз тилинин практикалык курсу" дисциплинасын окутууга бөлүнгөн бөлүнгөн саattардын жалпы саны 1-семестр үчүн - 20, аудиториялык саattар 20. 2-семестр үчүн - 20, аудиториялык саattар 20.

**Кыскача мазмуну**

Студенттердин тилге ан-сезимдүү мамиле кылуусуна, тил тазалыгын сактоого, ой пикирин эркин билдире алууга, кесиби боюнча эне тилиндеги адабияттарды пайдалана алууга, иш кагаздарын жаза билүүгө, орфографиялык сабаттуулукка туура жазууга үйрөтүү.

Аталган курс студенттердин орто мектепте кыгыз тилинен алган билимин системалаштыруу, толуктоо, терендетүү менен, алган билимдерин практикада пайдалана билүүгө көнүктүрүү. Ошондуктан практикум студенттердин орфографиялык, пунктуациялык, орфоэпиялык, стилистикалык сабаттуулугуна көнүл бурат.

Маданияттуу, сабаттуу сүйлөө, ой-пикирин талапка ылайык туура жаза билүү – ар бир атуулдун милдети. Ар ким өз билгенин жаза берсе, бир эле сөз ар башка жазылып, баш аламандыкка алып келери белгилүү. Орфографиянын милдети – сөздөрдү бир түрдүү жазууга жетектөөчү эрежелерди аныктап, аларды практика жүзүндө туура колдонууну камсыз кылуу. Ал тил маданиятын көтөрүү менен сабаттуулукту жогорлатууну ишке ашырат.

Бул максатта «Кыргыз тилинин жазуу эрежелери» (солнку редакциясы) 2008 – жылы Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссия жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан жактырылган. Ошондуктан бул Мыйзам тиешелүү жерлердин бардыгында колдонууга тийиш экендигин эске алып, биз «Практикумда» орфографиянын айрым эрежелерине токтолууну туура таптык. «Кыргыз тилиин практикалык курсу» сабагында студенттердин билими толукталып турат.

Практикум студенттердин жазуу маданиятын көтөрөт, анда орфография, пунктуация багытына басым жасалат.

### 2. Дисциплинаны өздөштүрүүнүн максаты жана милдеттери

**Курстун максаты:** студенттердин орфографиялык сабаттуулугун жогорулатуу, орфографиянын эрежелерин туура колдоно билүү компетенцияларын калыптандыруу.

Программага ылайык «**Кыргыз тилинин практикалык курсунун» милдети –** студенттердин кыргыз тили боюнча алган билиминдеги айым кенемтелерди жоюуну көздөйт жана кийинки окутула турган «Кыргыз тили» курсун үйрөнүүгө даярдайт. Студенттердин өз алдынчылыгын өнүктүрөт.

–орфографиянын эрежелерин окутуп-үйрөтүү;

–сөздөрдү, сөз тизмектерди жазуу боюнча талаштуу көйгөйлөрдү талкуулоо жана эрежелер менен салыштыруу;

– орфографиянын принциптерин үйрөтүү;

– баш тамгалардын жазылышы жөнүндө түшүнүк берүү;

– энчилүү аттардын жазылышын;

–өздөштүрүлгөн сөздөрдүн жазылышын;

– дефис жана ташымалды жазуу эрежелерин өздөштүрүп, тура жазууга машыктыруу.

– аларды практикалык колдонуу билгичтиктерин калыптандыруу.

### 3. Дисциплинаны окуп - үйрөнүүгө чейин студенттерде калыптандырылган компетенциялар

Дисциплинаны өздөштүрүү үчүн студент жалпы билим берүүчү орто мектепте кыргыз тили предмети боюнча алган билимдерге, билгичтиктерге жана көндүмдөргө таянат.

Жогорку дисциплиналарды өткөн сон студенттерде калыптандырылууга тийиштүү компетенциялар 1- таблицада көрсөтүлдү.

**1-таблица**

| Коду | Дисциплинанын аталышы | Семестри | Калыптандырылган компетенциянын коду |
|---|---|---|---|
| Б.1. | Кыргыз тили | 1, 2 | **ОК-1, ОК-4, ОК-5** |
| Б.2. | Кыргыз адабияты | 1, 2 | **ОК-1, ОК-4, ОК-5** |

“Кыргыз тилинин практикалык курсу” курсу эн зарыл дисциплиналардын бири болуп саналат. Курсту окуган сон студенттер тил тазалыгын сактоого, сөз байлыгын , кеп маданиятын өркүндөтүүгө, эркин ой жүгүртүүгө, алган теориялык билимдерин турмушка колдоно билүүгө калыптанышат.

**2-таблица**

| **Коду** | **Компетенциянын мазмуну** |
|---|---|
| **ОК-1** | Өзүнүн ишмердүүлүгүн уюштура билүү, кесиптик милдеттерди аткаруунун ыкмаларын жана жолдорун тандап алуу, алардын натыйжалуулугун жана сапатын баалоо |
| **ОК-4** | Кесиптик ишмердүүлүктө маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу |
| **ОК-5** | Командада иштей билүү, кесиптештер, жетекчилик, кадрлар менен эффективдүү баарлаша билүү |

### 4. Дисциплинаны окутуунун билим берүү программасын өздөштүрүүнүн натыйжалары менен катнаштырылган мерчемделген натыйжалары

| **Окутуунун натыйжалары (өздөштүрүлгөн билимдер, билгичтиктер, көндүмдөр)** | **Окутуунун натыйжаларын баалоонун формалары жана усулдары** |
|---|---|
| Дисциплинаны окуп-үйрөнүүнүн натыйжасында студент **билүүгө тийиш:**<br>-орфографиянын жазуу кебиндеги маанисин;<br>-орфографиянын принциптерин;<br>-«Кыргыз тилинин жазуу эрежелеринин» соңку редакциясын;<br>- анын бөлүмдөрүн;<br>-жазуу эрежелерге эмнелер киррерин;<br>- сөздөрдү, сөз айкаштарын эрежеге ылайык туура жазууну. | Дарстар жана практикалык сабактар үчүн жумушчу дептерди текшерүү жана баалоо<br><br>Күнүмдүк практикалык сабактарда студенттерди оозеки сурамжылоолор (күндөлүк текшерүү) аркылуу билимдерди баалоо |

| | |
|---|---|
| **аткара билүүгө тийиш:**<br>- орфографиянын принциптерин айырмалоону;<br>-жөнөкөй жана татаал сөздөрдү туура жазууну;<br>-жазылышы татаал сөздөрдүн кандай жазыларын;<br>- ММКтен фактыларды табууну;<br>- алган билимдерин кесиптик (мугалимдик) ишмердүүлүктө колдонууну.<br>**ээ болууга тийиш:**<br>- туура жазуу көндүмдөрүнө;<br>- аудиториянын астында чыгып сүйлөө, дискуссияга катышуу көндүмдөрүнө;<br>- өз оюн айтуу жана далилдөө көндүмдөрүнө. | Практикалык сабактардагы студенттердин өз алдынча иштөөсүнүн («Биргелешип издөө» дискуссиясы, дискуссия, жуптарда иштөө, кайчылаш дискуссия, кичи топтордо иштөө) формаларын баалоо<br><br>Дисциплина боюнча практикалык сабактарда жана СӨИ катары аткарылган ар кыл жазуу иштерин (аналитикалык жалпылоо, аргументтүү эссе, ассоциативдүү жазуу, баяндама, Венндин диаграммасы, РАФТ, реферат, ротация, түрдүү булактар боюнча баяндама, Т-схема, эссе) текшерүү жана баалоо<br><br>Даярдалган билеттер боюнча оозеки формада модулдук текшерүү жана арадагы аттестация (зачет) өткөрүү жана алардын натыйжаларын баалоо |

## 5. Окуу дисциплинасынын мазмуну жана түзүмү

### 5.1 Окуу дисциплинасынын түзүмү

3-таблица

**(Дисциплинанын жалпы эмгек сыйымдуулугу)**

| Дисциплина нын коду | Семестри | Аудиториялык сааты | СӨИ сааты | Жалпы сааттар | Отчеттуу-лук (зачет, экзамен) |
|---|---|---|---|---|---|
| Б.1. Кыргыз тилинин практикалык курсу | I, II | 20+20 | 12+9 | 41+41=82 | Экзамен |

Дисциплинанын мазмунун чагылдыруучу, окуу иштеринин түрлөрү боюнча түзүмдөлгөн жана окуу планына ылайык алардын көлөмдөрүн көрсөткөн календардык-тематикалык план **4-таблицада** берилген. Студенттерден мына ошол мазмунду толук өлчөмдө өздөштүрүү талап кылынат:

**5.1. Окуу дисциплинасынын бөлүмдөрүнүн мазмуну.**
**«Кыргыз тилинин практикалык курсу» дисциплинасы боюнча окуу-тематикалык план**

| **Бөлүмдөр менен темалардын аталышы** | **Практикалык сабактардагы окуу материалынын мазмуну, аларды окутууда колдонулуучу технологиялар, студенттин өз алдынча иши** | **Сааттардын саны** |
|---|---|---|
| 1-тема. Киришүү. Орфография жана анын мааниси | Практикалык сабактын мазмуну:<br>а) Орфография жөнүндө<br>б) Орфографиянын милдети<br>в) Орфографиянын эрежелери<br>г) Тыбыш, тамга, алфавит<br>Колдонулуучу технология: Синквейн, кластер<br>Студенттин өз алдынча ишинин темасы:Орфографиянын эрежелери | 2 |
| 2-тема: Үндүү тыбыштардын жазылышы | Практикалык сабактын мазмуну:<br>а) «Кыргыз тилинин жазуу эрежелеринде» үндүү тыбыштардын жазылышы<br>б) Үндүү тыбыштар менен аяктаган сөздөргө үндүү тыбыш менен башталган мүчө уланганда үндүүлөрдүн түшүп калышы<br>Колдонулуучу технология: Венндин диаграммасы<br>**Студенттин өз алдынча ишинин темасы:** 1. Үндүү тыбыштардын жазылышын тексттен талдоо | 2 |
| 3-тема: Үнсүз тыбыштардын жазылышы | Практикалык сабактын мазмуну:<br>а) «Кыргыз тилинин жазуу эрежелеринде» үнсүз тыбыштардын жазылышы<br>б) б, в, д, ж, г тамгаларынын жазылышы<br>в) Ф, х, ц, щ тамгаларынын жазылышы<br>Колдонулуучу технология: БББК, дискуссия<br>**Студенттин өз алдынча ишинин темасы:**<br>1. Үнсүз тыбыштардын жазылышын талдоо<br>2. Ф, х, ц, щ тамгалары катышкан сөздөрдү тексттен жазуу | 2 |
| 4-тема: Йоттошкон е, ё, ю, я, тамгаларынын жазылышы | Практикалык сабактын мазмуну:<br>а) Йоттошкон е тамгасынын жазылышы<br>б) Йоттошкон ё тамгасынын жазылышы<br>в) Йоттошкон я тамгасынын жазылышы<br>г) Йоттошкон ю тамгасынын жазылышы<br>Колдонулуучу технология: Ротация<br>**Студенттин өз алдынча ишинин темасы**:«Кыргызча-орусча сөздүктөн» йоттошкон тамгалар катышкан сөздөрдөн 20ду жазуу | 2 |
| 5-тема: Жөнөкөй жана татаал сөздөрдүн жазылышы | Практикалык сабактын мазмуну:<br>а) Жөнөкөй сөздөрдүн жазылышы<br>б) Татаал сөздөрдүн жазылышы<br>Колдонулуучу технология: кластер<br>**Студенттин өз алдынча ишинин темасы**:1. Тексттен жөнөкөй сөздөрдүн жазылышын талдоо. 2. Тексттен татаал сөздөрдүн жазылышын талдоо | 2 |
| 6-тема: Адам аттарынын жана | Практикалык сабактын мазмуну:<br>а) Адам аттарынын жазылышы<br>б) Астрономиялык энчилүү аттардын жазылышы | 2 |

| | | |
|---|---|---|
| астрономиялык энчилүү аттардын жазылышы | Колдонулуучу технология: Дискуссия<br>**Студенттин өз алдынча ишинин темасы**: ММКта адам аттарынын жазылышын боюнча маалыматтарды жыйноо жана талдоо | |
| 7-тема: Уруу, урук, элдин аттарынын жазылышы | Практикалык сабактын мазмуну:<br>а) Уруу, урук, элдин аттарынын жазылышы<br>б) Айбанат, куштардын аттарынын жазылышы<br>Колдонулуучу технология: Ар түрдүү булактар менен иштөө<br>**Студенттин өз алдынча ишинин темасы**:Эпостордо уруу, урук, элдин, айбанат, куштардын аттарынын жазылышы | 2 |
| 8-тема: Жер-суу жана мамлекеттердин аттарынын жазылышы | Практикалык сабактын мазмуну:<br>а) Жер-суу аттарынын жазылышы<br>б) -лык мүчөсүнүн уланышы<br>в) Мамлекеттин аттарынын жазылышы<br>Колдонулуучу технология: Ротация<br>**Студенттин өз алдынча ишинин темасы**:1. Жашаган аймакта кездешкен жер-суу аттары<br>**1.** Европа материгинде жайгашкан мамлекеттин аттарынын жазылышы<br>**2.** Түндүк Америкада жайгашкан мамлекеттердин аттары | 2 |
| 9-тема: Жол (темир жол) жана аба каттамдарынын жазылышы | Практикалык сабактын мазмуну:<br>а) Жол (темир жол) жана аба каттамдарынын жазылышы<br>б) Уюмдардын, мекеме, ишканалардын аттарынын жазылышы<br>Колдонулуучу технология: Даймонд, дискуссия<br>**Студенттин өз алдынча ишинин темасы:**1. Кыргызстандагы аба каттамдарынын жазылышы. 2. Темир жол каттамдарынын жазылышы | 2 |
| 10-тема: Орден, медалдардын, наамдардын аттарынын жазылышы | Практикалык сабактын мазмуну:<br>а) Орден, медалдардын аттарынын жазылышы<br>б) Атайын наамдар, илимий даражалар, кызмат орундарынын жазылышы<br>Колдонулуучу технология: Ар түрдүү булактар менен иштөө<br>**Студенттин өз алдынча ишинин темасы:**ММКда орден, медаль, наамдардын аттарынын жазылышын талдоо | 2 |
| | **Бардыгы: 20 саат** | |

**II** семестр

| **Бөлүмдөр менен темалардын аталышы** | **Практикалык сабактардагы окуу материалынын мазмуну, аларды окутууда колдонулуучу технологиялар, студенттин өз алдынча иши** | **Сааттардын саны** |
|---|---|---|
| 1. Тема: Жөнөкөй сөздөрдүн жазылышы. | Практикалык сабактын мазмуну:<br>1. Сөз мүчөлөрүнүн жазылышы | 2 |
| | Колдонулуучу технология: Кластер<br>**Студенттин өз алдынча ишинин темасы**:Жөнөкөй сөздөрдүн жазылышы | |
| 2. Тема: | Практикалык сабактын мазмуну:<br>1. Бириккен сөздөрдүн жазылышы<br>2. Кошмок сөздөрдүн бирге жана бөлөк жазылышы | 2 |

| | | |
|---|---|---|
| Татаал сөздөрдүн жазылышы | 3. Кыскартылган сөздөрдүн жазылышы<br>4. Кош сөздөрдүн жазылышы | |
| | Колдонулуучу технология: Ар түрдүү булактар менен иштөө<br>**Студенттин өз алдынча ишинин темасы:**Кошмок сөздөрдүн бирге жана бөлөк жазылышы | |
| 3.Тема: Айбанат, куштардын аттарынын жазылышы | Практикалык сабактын мазмуну:<br>1. Айбанаттардын аттарынын жазылышы<br>2. Куштардын аттарынын жазылышы | 2 |
| | Колдонулуучу технология: Ар түрдүү булактар менен иштөө<br>**Студенттин өз алдынча ишинин темасы:**1. Эпостордо баатырлардын аттары<br>2.Кыргызстанда кездешкен куштардын аттары | |
| 4.Тема: Тарыхый окуя, майрамдардын аттарынын жазылышы | Практикалык сабактын мазмуну:<br>1. Тарыхый окуялардын аттарынын жазылышы<br>2. Майрамдардын аттарынын жазылышы | 2 |
| | Колдонулуучу технология: Венндин диаграммасы<br>**Студенттин өз алдынча ишинин темасы:**Гезиттерде майрамдардын аттарынын жазылышы | |
| 5. Тема: Жат жазуу | Практикалык сабактын мазмуну:<br>1. Жат жазуу | 2 |
| 6.Тема: Завод, фабрика, көркөм чыгармалардын аттарынын жазылышы | Практикалык сабактын мазмуну:<br>1. Завод, фабрикалардын аттарынын жазылышы<br>2. Көркөм чыгармалардын аттарынын жазылышы | 2 |
| | Колдонулуучу технология: Дискуссия<br>**Студенттин өз алдынча ишинин темасы:**Кыргыз тилиндеги ырлардын, эпостордун, повесттердин, романдардын аттарынын жазылышы | |
| 7.Тема: Искусство чыгармаларынын аттарынын жазылышы | Практикалык сабактын мазмуну:<br>1. Искусство чыгармаларынын аттарынын жазылышы<br>2. Диний, мифологиялык аттардын жазылышы | 2 |
| | Колдонулуучу технология: эки бөлүктүү күндөлүк<br>**Студенттин өз алдынча ишинин темасы:**спектакль, мюзикл, трагедия, опера чыгармаларынын, сүрөттөрдүн аттарынын жазылышы | |
| 8.Тема: Дефис менен жазуунун эрежелери | Практикалык сабактын мазмуну:<br>1. Дефис менен жазуунун эрежелери | 2 |
| | Колдонулуучу технология: Кластер<br>**Студенттин өз алдынча ишинин темасы:**1. Кош сөздөрдүн жазылышы<br>2.Машиналардын аталыштарынын жазылышы<br>3.Учактардын аталыштарынын жазылышы<br>4. Иреттик сан атоочтордун жазылышы | |
| 9.Тема: Ташымал | Практикалык сабактын мазмуну:<br>1. Ташымал | 2 |
| | Колдонулуучу технология: Ротация, топтордо иштөө | |

| | | |
|---|---|---|
| | **Студенттин өз алдынча ишинин темасы**:Тексттеги сүйлөмдөрдү ташымалдоо | |
| 10. Тема: Жат жазуу | Практикалык сабактын мазмуну:<br>1. Жат жазуу | **2** |

# 6. БИЛИМ БЕРҮҮ ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ

## 6.1. Аудиториялык сабактарда колдонулуучу интерактивдүү билим берүү технологиялары

Практикалык сабактар теориялык жана практикалык мүнөздөгү суроолорду камтышат. Талкууга коюлуучу маселелер мазмундуу, актуалдуу келип, дарстарда берилген негизги жоболорду чагылтууга тийиш. Практикалык сабактарды өтүү дарстарда берилген билимдерди бышыктоого жана студенттерди өз алдынча иштөөгө багыттоого арналат. Практикалык сабактар окутуунун интерактивдүү формаларын колдонуу менен өткөрүлөт, бул студенттерге каралып жаткан маселе боюнча өз көз карашын айтууга жана аны талкуу учурунда коргоого үйрөнүүгө жол ачат. Практикалык сабактарда студенттердин илимий маалымат менен иштей билүү, чечимдерди талдай жана жалпылай, кабыл ала жана негиздей билүү билгичтиктери менен көндүмдөрүн калыптандыруу, өркүндөтүү дидактикалык маселелери чечилет.

**Аналитикалык жалпылоо** – окулганды суммалоону, кошууну болжогон жазуу ишинин түрү. Окулгандын негизинде түзүлөт, окулганды туура түшүнүүнү чагылтат. Макалада же китепте камтылган материал жалпыланчу жана кыска бааланчу жазуу иши.

**Аргументтүү эссе** – аргументацияны камтыган жазуу иши, мында автор кайсы бир жобону далилдейт.

**«Биргелешип издөө»** дискуссиясы – окутуучу күн мурун камдаган суроолордун жардамы менен студенттердин тема, проблема же текст боюнча түшүнүктөрүн тереңдетүү максатында талкуу жүргүзүү. Жетелөөчү суроолордун жардамы менен талдоо жасоону болжойт.

**Венндин диаграммасы** – бири бири менен кесилишкен айлана түрүндөгү схема, ал фактыларды, көрүнүштөрдү, идеяларды салыштыруу үчүн колдонулат. Схема айырмаларды да, окшоштуктарды да аныктоого жардамдашат.

**Дискуссия** – туура ыкмаларды гана колдонуп, акыйкаттыкка жетүүгө багытталган талаш. Бул тематикалык жана формасы корректтүү полемика. Анын максаты түрдүү көз караштарды кароо, акыйкаттыкты издөө, табуу болуп саналат.

**Жуптарда иштөө** – проблеманы, суроону жуп-жуп болуп талкуулоо. Тайпада иштөөнүн бир бөлүгү, этабы болуп саналат.

**Кичи топтордо иштөө** – үч-жети кишиден турган топторго биригип, бир максатты көздөп, баарлашууда жана биргелешкен ишмердүүлүктө кызыкчылыктары менен керектөөлөрү окшош болгон окуу иш-аракети. Белгилүү бир ишти аткаруу үчүн бир нече адамдын биригүүсү менен жүзөгө ашат.

**Ротация** – усулу менен пикир алмашуу –чогуу иштөөнүн стратегиясы, дискуссиянын бир түрү, маселелерди, проблемаларды белгилүү бир схема боюнча талкуулоо.

**Т-схема** – аргументтер менен контраргументтерди келтирүү үчүн графикалык уюштуруучу. Маалыматты классифкациялоого, баалоого, тутумдаштырууга жол берет. Мында карама-каршы турумдар көрсөтмөлүү берилет.

**Ар түрдүү булактар менен иштөө** – изилдөө керек болгон суроолорду жана ошол суроолорго ар кыл булактардан (окуу-усулдук, илимий ж.б.) табылган жоопторду камтыган жадыбалдын негизинде жазуу ишине даярдануунун ыгы. Студенттер тема боюнча суроолорду коюшат да, түрдүү китептерден аларга жооптор издешет.

## 7. Жетишүүнүн күндөлүк текшерүүнүн, арадагы аттестациянын жана окуу дисциплинасында ишке ашырылуучу компетенциялардын баалоочу каражаттары

Бардык багыттын талаптарына ылайык студенттердин жекече жетишүүсүнүн дисциплина боюнча мерчемделген окутуунун натыйжаларына ылайыктыгын аттестациялоо үчүн баалоочу каражаттардын себили түзүлгөн (1-тиркеме) . Ага 1-2- модулдун ( арадагы аттестациянын, экзамендин) суроолору, ошол суроолор боюнча түзүлгөн модулдун жана экзамендин билеттери кирет.

## 8. Окуу дисциплинасы боюнча текшерүүчү-баалоочу ишмердүүлүктү уюштуруу

Дисциплинаны өздөштүрүүнүн натыйжаларын текшерүү жана баалоо окутуучу тарабынан практикалык сабактарды өтүү, ошондой эле студенттердин өз алдынча иштерди аткаруу, модулдук текшерүү, арадагы аттестация (зачет) жараянында жүзөгө ашырылат.Практикалык сабактардын мазмуну боюнча ар бир практикалык сабакта оозеки сурамжылоо (күндөлүк текшерүү) жүргүзүлүп, студенттердин оозеки жоопторусалттуу шкалада да, упайлык шкалада да бааланат (мисалы, “эң жакшы” – 86-100 упай, “жакшы” – 73-85 упай, “орто” – 60-72 упай, “жаман” – 50-59 упай, 0-49). Модулдук текшерүү жана арадагы аттестация (зачет) оозеки формада өткөрүлүп, ал үчүн үч суроодон турган билеттер даярдалат. Билеттер теориялык маселелерди да, практикалык мүнөздөгү тапшырмаларды да камтышат. Студенттердин билеттердин суроолоруна берген жооптору салттуу шкалада да, упайлык шкалада да бааланат (мисалы, “эң жакшы” – 86-100 упай, “жакшы” – 73-85 упай, “орто” – 60-72 упай, “жаман” – 50-59, 0-49 упай). Студенттердин практикалык сабактардан жана эки модулдан топтогон упайлары жыйынтыктоочу бааны коюу үчүн жетиштүү болсо, алар арадагы аттестациядан (зачеттон) бошотулат.

**Студенттин дисциплина боюнча модулдагы, баа коюлуучу зачеттогу (экзамендеги)жоопторун баалоо**

| Модулдун баа коюлуучу зачеттун (экзамендин) баасы | | Билимдерге коюлуучу талаптар |
|---|---|---|
| **Упайлар менен** | **Салттуу шкалада** | |
| 92-100<br>86-98 | 5 – «эң жакшы» | «Эң жакшы» деген баа студентке, эгер ал программанын материалын терең жана чың өздөштүрсө, аны толук, ырааттуу, так жана логикалык иретте баяндаса, теорияны практикага тыгыз байланыштыра билсе, билимдерин тапшырмаларды, суроолорду ж.б. аткарууда эркин колдонсо, тапшырманын түрүн өзгөрткөн учурда жооп берүүдөн кыйналбаса, жоопторунда монографиялык адабияттын материалын колдонсо, кабыл алынган чечимди туура негиздесе, практикалык тапшырмаларды аткаруунун ар тараптуу көндүмдөрү менен ыкмаларына ээ болсо коюлат. Баа коюуда окуу дисциплинасына ылайык келүүчү компетенциялардын калыптангандыгы эске алынат. |

| | | |
|---|---|---|
| 83-85<br>73-79 | 4 – «жакшы» | «Жакшы» деген баа студентке, эгер ал материалды бекем билсе, аны сабаттуу жана мазмундуу баяндаса, суроого жоопто маанилүү так эместиктерге жол бербесе, практикалык маселелер менен тапшырмаларды чечүүдө теориялык жоболорду туура колдонсо, аларды аткаруунун зарыл көндүмдөрү менен ыкмаларына ээ болсо коюлат. Баа коюуда окуу дисциплинасына ылайык келүүчү компетенциялардын калыптангандыгы эске алынат. |
| 67-72<br>60 - 66 | 3 – «орто» | «Орто» деген баа студентке, эгер ал негизги материалдын гана билимдерин билсе, бирок анын деталдарын өздөштүрбөсө, так эместиктерге, анчалык туура эмес аныктамаларга жол берсе, программанын материалын баяндоодо логкалык ырааттуулукту бузса, практикалык иштерди аткарууда кыйынчылыкты баштан кечирсе коюлат. Баа коюуда окуу дисциплинасына ылайык келүүчү компетенциялардын калыптангандыгы эске алынат. |
| 55-59<br>50-54 | 2 – «жаман» | «Жаман» деген баа студентке, эгер ал программалык материалдын көп бөлүгүн билбесе, маанилүү каталарга жол берсе, практикалык иштерди ишеничсиз, чоң кыйынчылыктар менен аткарса коюлат. Баа коюуда окуу дисциплинасына ылайык келүүчү компетенциялардын калыптангандыгы эске алынат. |
| 0-49 | | Сабакка катышкан жок. |

**Студенттин жазуу иштерин (өз алдынча ишин) баалоо**

| Студенттин жазуу иштеринин (өз алдынча ишинин) баасы | | Жазуу иштеринин (өз алдынча иштин) аткарылыш деңгээлине коюлуучу талаптар |
|---|---|---|
| **Упайлар менен** | **Салттуу шкалада** | |
| 92-100<br>86-98 | 5 – «эң жакшы» | «Эң жакшы деген» баа студентке, эгер ал аткарган жазуу ишинин мазмуну темага толук ылайык келсе, ырааттуу баяндалса, фактылык каталар болбосо, сөздүгүнүн байлыгы, ар түрдүү синтаксистик конструкцияларды колдонуусу, сөздөрдү так пайдалануусу менен айырмаланса, текст абдан көркөмдүү жана стилдик жактан бирдиктүү түзүлсө, 1 мазмундук так эместик, 1-2 кептик так эместик учураса, 1 орфографиялык, же 1 пунктуациялык, же 1 грамматикалык ката кетсе коюлат. |
| 83-85<br>73-79 | 4 – «жакшы» | «Жакшы» деген баа студентке, эгер ал аткарган жазуу ишинин мазмуну темага негизинен жооп берсе, мазмуну негизинен жеткиликтүү болсо, темадан четтөөлөр анча маанилүү болбосо, ырааттуу баяндоодо анча маанисиз кемчилик байкалса, бир фактылык ката кетсе, кептин лексикалык жана грамматикалык курулушу жетишерлик ар кыл болсо, текст кыйла көркөмдүү жана стилдик жактан жетишерлик бирдиктүү түзүлсө, 2 мазмундук так эместик, 3-4 кептик так эместик учураса, 2 |

| | | |
|---|---|---|
| | | орфографиялык жана 2 пунктуациялык, же 1 орфографиялык жана 3 пунктуациялык, же 4 пунктуациялык жана 2 грамматикалык ката кетсе коюлат. |
| 67-72<br>60 - 66 | 3 – «орто» | «Орто» деген баа студентке, эгер ал аткарган жазуу ишинин мазмунунда темадан өтө олутуу четтөө болсо, мазмуну негизинен жеткиликтүү, бирок айрым фактылык так эместиктер кездешсе, ырааттуу баяндоонун бузулуусуна жол берилсе, сөздүгү жарды болсо, бир түрдүү синтаксистик конструкцияларды колдонсо, сөздөрдү туура эмес пайдаланса, тексттин көркөмдүгү жетишсиз жана стилдик бирдиктүүлүгү начар болсо, 4 мазмундук так эместик, 5 кептик так эместик учураса, 4 орфографиялык жана 4 пунктуациялык, же 3 орфографиялык жана 5 пунктуациялык, же 7 пунктуациялык жана 4 грамматикалык ката кетсе коюлат. |
| 55-59<br>50-54 | 2 – «жаман» | «Жаман» деген баа студентке, эгер ал аткарган жазуу ишинин мазмуну темага ылайык келбесе, көптөгөн фактылык так эместиктер кездешсе, ыраатсыз баяндалса, иштин бөлүктөрүнүн арасында байланыш жок болсо, сөздүгү өтө жарды болсо, иш байланышы начар кыска бир типтүү сүйлөмдөр менен жазылса, сөздөрдү туура эмес пайдалануу жыш орун алса, текст көркөмсүз жана стилдик бирдиктүүлүгү бузулган болсо, мазмундук так эместиктер жана кептик так эместиктер абдан көп болсо, орфографиялык, пунктуациялык жана грамматикалык каталар арбын кездешсе коюлат. |
| 0-49 | | Сабакка катышкан жок |

## 9. КАЛТЫРЫЛГАН САБАКТАРДЫ КАЙРА ТАПШЫРУУНУН ТҮРЛӨРҮ ЖАНА ФОРМАЛАРЫ

Студент аудиториялык сабактарга катышпаган учурда (дарска же практикалык сабакка), ал ошол аудиториялык иштин (дарстын же практикалык сабактын) программасын жана мазмунун өз алдынча өздөштүрүп, жумушчу дептерине өзү калтырган дарстын конспектисин жазып окутуучуга көрсөтөт, ошондой эле жумушчу дептерине өзү калтырган практикалык сабактын суроолоруна окуу-усулдук, илимий адабияттардан жоопторду таап жазып, аны окутуучуга оозеки тапшырат, өзү калтырган тема боюнча СӨИ (студенттин өз алдынча ишин) аткарып, аны окутуучунун астында коргойт. Эгер модулга же зачетко чейин ушул иштерди аткарбаса, студент модулдук текшерүүгө жана зачетко киргизилбейт.

## 10. ДИСЦИПЛИНАНЫН ОКУУ-УСУЛДУК ЖАНА МААЛЫМАТТЫК КАМСЫЗДООСУ

Сунушталуучу окуу басылмаларынын, Интернет-ресурстардын, кошумча адабияттардын тизмеси

## 11. Дисциплинанын окуу - усулдук жана маалыматтык камсыздоосу

**Сунушталуучу окуу басылмаларынын, кошумча адабияттардын тизмеси:**

**Негизги булактар (НМУнун китепканасында бар)**

**Негизги жана кошумча адабияттар:**


1. Азыркы кыргыз адабий тили. – Б.:2015
2. Кыргыз тилинин жазуу эрежелери. – Б.: 2008.
3. Х.К.Карасаев. Орфографиялык сөздүк. – Б.:2015.
4. Турсунов А.Кыргыз тилинин тыныш белгилери. – Б.2015.
5. С.Үсөналиев. Кыргыз тилинин орфографиясы боюнча таблица. – Б.:2007.


## 12. ОКУУ ДИСЦИПЛИНАСЫНЫН МАТЕРИАЛДЫК-ТЕХНИКАЛЫК КАМСЫЗДООСУ

Окуу аудиториясы, компьютердик класс, такта, маркер, бор ж.б.каражаттар.